ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ ELECTIONS 2020

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо учурунда шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби.

Негизги жоболордун жалпы чагылдырылышы.

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ

- ✓ Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн жана саясий партиялардын ишенимдүү адамдарынын шайлоо алдындагы үгүт учурунда маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу, шайлоочуларды белгилүү бир талапкерлерге (талапкерлердин тизмеси) же аларга каршы добуш берүүгө үндөө максатында иш-аракеттери

- ✓ Шайлоо алдындагы үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтойт. (4-сентябрдан 2020-жылдын 3-октябрынын 8.00 саатына чейин)

  *конституциялык Мыйзамдын 23-беренесинин 1-бөлүгү*

- ✓ Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана жана алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу.
- ✓ *конституциялык Мыйзамдын 22-беренеси*

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮ УКУГУН КЫЯНАТТЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмекке ылайык, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символикасын, талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды кошпогондо, шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууга:

- шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө;
- шайлоочуларга белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга;
- товарларды жеңилдетилген шартта сатууга;
- кандай болбосун товарларды акысыз таркатууга, акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө тыюу салынат. (4-сентябрдан 2020-жылдын 3-октябрынын 8.00 саатына чейин)

Талапкердин, саясий партиянын жана аткаруучунун ортосунда жазуу жүзүндө жол-жоболоштурулган эмгек мамилелеринин алкагында аткарылган жумушка талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө сатып алуу болуп эсептелбейт.

Талапкерлер, алардын жакын туугандары, жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТТҮ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭРКИНДИГИН КЫЯНАТ ПАЙДАЛАНУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ:

- улуттук, этностук, расалык, диний, аймактар аралык кастыкты, басмырлоолорго, кастыкка чакырган гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды пропагандалоого;

- бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарына;

- согушту пропагандалоого;

- чет мамлекеттердин саясий жана мамлекеттик ишмерлери менен көпчүлүк катышкан иш-чараларды жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу менен өткөрүүгө;

- башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото жана көрмө материалдарды пайдаланууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянаттык менен пайдалануунун башка түрлөрүнө тыюу салынат.

# ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ, КАНДАЙ БОЛБОСУН ҮГҮТ МАТЕРИАЛДАРЫН ЧЫГАРУУГА ЖАНА ТАРКАТУУГА УКУКСУЗ:

- Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар
- Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызмат орундарын ээлеген адамдар ,
- Мамлекеттик саясий кызмат орундарын, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо,
- Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- Байкоочулар,
- Эл аралык байкоочулар,
- Диний ишмерлер,
- Кайрымдуулук иштери менен алектенишкен уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү,
- 18 жашка толо элек адамдар,
- Чет элдик жарандар жана уюмдар,
- Жарандыгы жок адамдар

# ТӨМӨНКҮЛӨР ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ДЕП ТААНЫЛАТ:

- тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;
- айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү;
- талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;
- талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.

# ШАЙЛОО ӨТКӨРҮҮДӨ ҮГҮТТӨӨ ТӨМӨНКҮДӨЙ ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛЫШЫ МҮМКҮН:

Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

Стадиондордо жана калктуу конуштардын көчөлөрүндө, ошондой эле спорттук иш-чараларда концерттерди жана театралдаштырылган оюндарды өткөрүүнү кошпогондо, үгүттүк ачык иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды, теледебаттарды) өткөрүү аркылуу;

Басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу жолу менен;

Ушул конституциялык Мыйзамда тыюу салынбаган башка тариздерде.

# ЭФИР УБАКТЫСЫ

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы, катталган жана берүүгө келген талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт.

Акысыз бөлүнгөн эфир убактысынын жалпы көлөмүнүн жарымынан кем эмеси талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга дебаттарды жана ушуга окшогон үгүт иш-чараларын биргелешип өткөрүүлөрү үчүн гана берилет. Бардык талапкерлерге, саясий партияларга акысыз эфир убактысындагы бул үлүшүн пайдаланууга бирдей негиздерде жол берилиши керек.

Биргелешкен үгүт иш-чараларына талапкерлер жеке өздөрү гана катыша алышат.

Катталган талапкердин же саясий партиянын өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун мындай иш-чараларга катышуусуна жол берилбейт.

***Ошодой эле учурда БШК ЖМКлар менен бөлүнгөн акысыз эфир убактысынын көлөмүн 2 саатка көбөйтүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө.***

Талапкер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

- талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;
- тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;
- кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;
- талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫҮГҮТ

Саясий партиялардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары,башка жактар шайлоо алдындагы өнөктүктөргө катышууда билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишмердик беделине зыян келтирген жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз

Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча төгүндөөнү акысыз жарыялоо же чындыкка дал келбеген же аны бурмалаган макалага же кабарга түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө милдеттүү.

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ

Талапкерлер, саясий партиялар басма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары даярдоого тыюу салынат.

Басма жана башка үгүт материалдарынын нускалары же алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала төлөбөстөн жана белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

Үгүт материалдарын эстеликтерге, эстелик мамыларга жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын орун жайларына, алардын кире бериш жерлерине жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат.

Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында жашыл өсүмдүктөрдү, бак-дарактарды, тоонун боорлорун жана чокуларын жана дөбөлөрүн, башка табигый дөңсөөлөрдү кандай болбосун түрдө пайдаланууга жол берилбейт.

# Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн үгүт материалдары

Саясий партиялар **жалпы нускасынын бир пайызынан** аз эмес саны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окуганга ыңгайлуу чоңойтулган арипте, сурдокотормону же субтитрди колдонуу, ошондой эле Брайль арибин же атайын каражаттарды колдонуу менен басылып чыккан үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

# ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участогунда үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды бөлүүгө жана жабдууга милдеттүү.

Талапкерлерге, саясий партияларга үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей шарттар камсыз кылынышы керек. Мындай жайлар шайлоочулардын келүүсүнө ыңгайлуу болуп, шайлоочулар аларга жайгаштырылган маалыматтар менен тааныша ала тургандай жерде болуусу керек.

Катталган талапкерлердин тизмелерине шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей аянттар берилүүгө тийиш.

Бөлүнгөн орундун аянты аларда шайлоо комиссиясынын маалыматтык материалдарын, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болушу керек.

Талапкерлер, саясий партиялар тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынан шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бөлүнгөн жерлердин тизмесин алууга укуктуу.

# ЧЫГЫШ МААЛЫМАТТАРЫ

Бардык басылма жана башка үгүт материалдар төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- үгүт материалдарды даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин);
- үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген адамдын (уюмдун, жеке ишкердин аталышын) фамилиясын, атын, атасынын атын;
- алардын нускасы жана чыгарылган датасы жөнүндө маалыматты;
- үгүт материалдарды даярдоо тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнгөндүгү жөнүндө маалыматты;
- ошондой эле тапшырык акысын төлөгөн саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтууга тийиш.

Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

# ФОРМА № 6

**Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын чыгаруу, жайгаштыруу жана таркатуу менен байланышкан тапшырыктарды түзүү учурунда жарандар жана укуктук жактар мезгилдүү басылманын редакциясына, телерадиоберүү уюмуна, үгүт продукциясын чыгарууну жүзөгө ашыруучу ишканага 6-тиркемеде келтирилген форма боюнча бул иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткарууга жана аларга шайлоо фондунан акы төлөөгө каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн макулдугун жазуу жүзүндө ырастоону берет.**

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы № 112 токтому менен бекитилген*

6-форма

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо**

**Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн макулдугун ЫРАСТОО**

______________________________________________
(саясий партиянын аталышы)

саясий партиясынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл болуп саналган

мен, ______________________________________________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ФААсы)

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы "_____"_______________20___ -ж. берген № ______ каттоо күбөлүгүнүн негизинде жаран, укуктук жак

______________________________________________
(жарандын ФААсы, уюмдун аталышы)

20___-жылдын "__"________№ _________келишимине ылайык иштерди аткарууга (товарларды сатууга, кызматтарды көрсөтүүгө) жана аларды

______________________________________________
(банк мекемесинин аталышы, жайгашкан жери)

______________________________________________
(шайлоо фондунун атайын эсебинин №)

шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөөгө уруксат берем

______________________________ ____________
(каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ФААсы) (колу)

М.О.

«___» _____________20___-ж.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

42[1]-берене. Шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоосу

Жеке жана юридикалык жактардын белгиленген мөөнөттөрдө шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган зарыл маалыматтарды же материалдарды шайлоо комиссиясына тапшырбоосу, ушуга тете эле комиссиянын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоо –

3 категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом).

42[2]-берене. Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

Шайлоочунун билип туруп шайлоо дарегинин алмашкандыгы тууралуу анык эмес маалыматтарды шайлоо комиссиясына берүүсү –

2 категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 3 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 13 000 сом).

42[3]-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алуусу

Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) добуштарды сатып алган же алардын атынан чыккан адамдардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн жеке өзү же ортомчу аркылуу акча каражаттарын жана/же материалдык баалуулуктарды алуусу –

1 категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 1 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 5 000 сом).

*Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракеттерди жасаган адам, эгерде ал шайлоону (референдумду) даярдоонун жана өткөрүнүн жүрүшүндө акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы тууралуу өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

**87[1]-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**

1. Шайлоону (референдумду) даярдоонун жана өткөрүнүн жүрүшүндө, шайлоо күнүндө талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында талапкерлердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу –

II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (жашы жетелектер үчүн – 15 000ден 25 000 сомго чейин, башка жеке жактар үчүн – 30 000ден 60 000 сомго чейин).

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү бар уюмдардын жетекчилери жасаган ушул эле жосун,–

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укуктарынан ажыратуу менен II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (жашы жетелектер үчүн – 15 000ден 25 000 сомго чейин, башка жеке жактар үчүн – 30 000ден 60 000 сомго чейин).

**87[2]-берене. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү**

1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчылыгына талапкер тарабынан билип туруп шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган анык эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу документти берүүсү, ошондой эле талапкерликке көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоолдук кылуучу маалыматтарды жашыруу –

I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (жашы жетелектер үчүн –5 000ден 15 000 сомго чейин, башка жеке жактар үчүн – 20 000ден 30 000 сомго чейин).

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укуктарынан ажыратуу менен I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (жашы жетелектер үчүн –5 000ден 15 000 сомго чейин, башка жеке жактар үчүн – 20 000ден 30 000 сомго чейин).

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИ

**191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу**

1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу, -

IV категориядагы коомдук иштерге (жашы жетелектер үчүн - 100дөн 120 саатка чейин, башка адамдар үчүн - 280ден 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү жумуштарына (жашы жетелектер үчүн - 6 айдан 9 айга чейин, башка адамдар үчүн - 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин), же IV категориядагы айып салууга (жашы жетелектер үчүн – 80 000ден 100 000 сомго чейин, башка адамдар үчүн – 180 000ден 220 000 сомго чейин) жазаланат.

2. Шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын ишине же болбосо шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткаруу, анын ичинде, комиссиянын чечимдерине таасир этүү максатында кызмат ордун жана кызмат абалын пайдалануу менен байланышкан иштерине кийлигишүү аркылуу шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын иштерине тоскоолдук кылуу, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсепке алуу маселелери же башка маселелер боюнча талабы же көрсөтмөсү, же болбосо, шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо -

IV категориядагы коомдук иштерге (жашы жетелектер үчүн - 100дөн 120 саатка чейин, башка адамдар үчүн - 280ден 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү иштерине (жашы жетелектер үчүн - 6 айдан 9 айга чейин, башка адамдар үчүн - 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же IV категориядагы айып салууга (жашы жетелектер үчүн – 80 000ден 100 000 сомго чейин, башка адамдар үчүн – 180 000ден 220 000 сомго чейин) жазаланат.

3.Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

IV категориядагы түзөтүү иштерине (жашы жетелектер үчүн - 9 айдан 1 жылга чейин, башка адамдар үчүн - 2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айып салууга (жашы жетелектер үчүн – 100 000ден 120 000 сомго чейин, башка адамдар үчүн – 220 000ден 260 000 сомго чейин) жазаланат.

## 192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу

1. Шайлоо өткөрүү мезгилинде акча төлөө же болбосо акча каражаттарын таркатуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кайсы-бир кызмат ордун же башка ыраазычылыктарды алууга өбөлгө түзүү аркылуу шайлоочулардысатып алуу –

IV категориядагы айып салууга (жашы жетелектер үчүн – 80 000ден 100 000 сомго чейин, башка адамдар үчүн – 180 000ден 220 000 сомго чейин) жазаланат.

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, мамлекеттик бийликтин шайлануучу органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкер, ушуга тете эле талапкердин жубайы, жакын туугандары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөр, ишенимдүү адамдар тарабынан жасалган ушул эле жосун, –

V категориядагы айып салуу (жашы жетелектер үчүн – 100 000ден 120 000 сомго чейин, башка адамдар үчүн – 220 000ден 260 000 сомго чейин) же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (жашы жетелектер үчүн - 1 жыл 6 айга чейин, башка адамдар үчүн - 2 жыл 6 айга чейин) жазаланат

ЖК
ШАЙЛОО
ВЫБОРЫ
ELECTIONS
2020